Simbank | DOSCREDOBANK

# «ДОС-КРЕДОБАНК» ААКДАН МОБИЛДИК СЕРВИСТИН SIMBANK РЕФЕРАЛДЫК ПРОГРАММАСЫНЫН АЛКАГЫНДА ЖОГОРКУ ТӨЛӨМДӨР МЕНЕН АКЦИЯНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул акция (мындан ары – Акция) Simbank рефералдык программасынын алкагында Simbank мобилдик банктык сервисин сунуштаган «Дос-Кредобанк» ААК (мындан ары – Банк) тарабынан өткөрүлөт.
1.2. Акцияны өткөрүү мөөнөтү: 2025-жылдын 15-сентябрынан 2025-жылдын 19-октябрына чейин кошо алганда (5 календардык жума).
1.3. Акция кызыктыруучу лотерея болуп саналбайт. Сый акы кокустук элементи жок, так аныкталган шарттарды аткарганда чегерилет.

## 2. Акциянын катышуучулары

2.1. 16 жашка чыккан, идентификациялоодон өткөн жана Simbank картасын активдештирген, жеке жактар – Кыргыз Республикасынын жарандары Акциянын катышуучулары боло алышат.
2.2. Чакырылган колдонуучулар – Акция мезгилинде катталган, идентификациялоодон өткөн жана картаны активдештирген, Simbankтын жаңы кардарлары.
2.3. Simbank картасын тариздөө кызматтык милдетине кирген Банктын кызматкерлери бонустарды алуучулар катары Акцияга катыша алышпайт.

## 3. Акцияны өткөрүү механизми

3.1. Simbank колдонуучуларынын базасы бирдей топторго бөлүнөт.
3.2. Ар бир топко Акцияны өткөрүү мезгилинде эки “акциялык жума” берилет.
3.3. Өзүнүн “акциялык жумаларынын” ичинде топтун катышуучулары жаңы колдонуучуларды чакырганы үчүн жана чакырылган адамдардын картаны активдештиргени үчүн жогорку бонустарды алышат.
3.4. Калган жумаларда топ үчүн Simbank Рефералдык программасынын стандарттуу шарттары колдонулат.
3.5. Банк Акцияны өткөрүү мезгилинде катышуучулардын топторун жана “акциялык жумаларды” түзөт. Ар бир катышуучу жогорку бонус менен эки “акциялык” жуманы кепилденген түрдө алат.
3.6. 2025-жылдын 15-сентябрынан 5-октябрына чейинки мезгилде Simbank’ка кошулган бардык колдонуучулар (чакыруулардын негизинде келгендер) Акцияга катышуу укугун алышат жана өздөрүнүн «акциялык жумаларын» жогорулатылган төлөмдөр менен сөзсүз алышат. Бул колдонуучулар үчүн «акциялык жумалар» 2025-жылдын 6-19-октябрына белгиленет.
3.7. 2025-жылдын 6-октябрынан 19-октябрга чейинки мезгилде (Акциянын төртүнчү жумасы) Simbankка кошулган колдонуучулар (чакырылгандар) үчүн Рефералдык программанын стандарттуу шарттары колдонулат: чакырган жана чакырылган адамга 100 сомдон.

3.8. “Акциялык жумаларынын” колдонуу мөөнөтү жөнүндө маалымат катышуучуларга төмөнкүдөй жеткирилет:

- Simbank мобилдик тиркемесинде кабарлоо аркылуу;
- тиркеменин ичинде кошумча чагылдырылат (жогорулаган бонустун суммасын жана анын колдонуу мөөнөтүн көрсөтүү менен “Дагы” бөлүмүндөгү баннер).

## 4. Бонустардын өлчөмү

4.1. “Акциялык жумалар” аралыгында төмөнкү бонустар чегерилет:

- Чакырган адамга — рефералдык шилтеме аркылуу өткөн, идентификациялоодон өткөн жана картаны активдештирген ар бир жаңы колдонуучу үчүн **250 сом**.
- Чакырылган адамга — идентификациялоодон өткөндөн жана картаны активдештиргенден кийин **250 сом**.

4.2. Калган жумада топтор үчүн Программанын стандарттуу бонустары колдонулат: чакырган жана чакырылган адамга 100 сомдон.

4.3. Бардык бонустар Simbank кешбэк-эсебине автоматтык түрдө чегерилет жана 250 сом минималдуу суммага жеткенде чыгарып алууга жеткиликтүү болот.

## 5. Акцияны өзгөртүүлөр жана аяктоо

5.1. Банк Акциянын шарттарын өзгөртүүгө, аны токтотууга же мөөнөтүнөн мурда аяктоого укуктуу.

5.2. Өзгөртүүлөр расмий ресурстарда: simbank.kg, dcb.kg жана/же Simbank мобилдик тиркемесинде жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

## 6. Байланыштар жана расмий булактар

- Simbank мобилдик сервисинин сайты: www.simbank.kg
- Банктын сайты: www.dcb.kg
- Simbank мобилдик тиркемеси